# МАЖБУРЛОО ЖАНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫ, АЛАРДЫН СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ИШИНДЕ КОЛДОНУЛУШУ

Борончиева Г.И.,
Отставкадагы судья,
адвокат,

**МАЗМУНУ**


ЧЕНЕМДИК УКУКТУК БАЗА

АТАЙЫН АДАБИЯТ

КОЛДОНМОНУН МАКСАТТАРЫ

КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Сот приставдары кызматынын милдеттери жана ыйгарым укуктары

1.2. Сот приставдары кызматынын түзүмү

1.3. Сот приставдары кызматынын укук коргоо иши

2. МАЖБУРЛОО ЖАНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫ

2.1. Сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо боюнча сот приставынын ыйгарым укуктары

3. МАЖБУРЛОО ЖАНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫНЫН КОЛДОНУЛУШУНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ

3.1. Укукка каршы жосундарды токтотуу жөнүндө талап

3.2. Укукка каршы аракеттерге жол бербөө жөнүндө эскертүү

3.3. Инсандыгын тастыктаган документтерди текшерүү

3.4. Жарандардын буюмдарын жана өзүн карап чыгуу

3.5. Кылмыш жасоонун куралы же административдик укук бузуунун тикелей объектиси болгон буюмду алып коюу

3.6. Тартип бузгандарды сот жыйналышынын залынан, соттун имаратынан же жайынан чыгарып салуу

3.7. Тикелей күч колдонуу

3.8. Соттун белгиленген тартибин жана ишин бузган массалык тартипсиздиктерди жана топтошкон аракеттерди болтурбоо үчүн атайын

каражаттарды (желим таяктарды, көздөн жаш агызуучу газды, кол кишендерди жана ушул сыяктууларды) колдонуу

3.9. Административдик укуктарды бузган адамдарды административдик кармоо

4. КҮЧТҮ, АТАЙЫН КАРАЖАТТАРДЫ ЖАНА ОК АТУУЧУ КУРАЛДАРДЫ КОЛДОНУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ

4.1. Күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу тартиби жана чектери

4.2. Куралдарды сактоого жана алып жүрүүгө коюлуучу талаптар

4.3. Күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу шарттары жана чектери

5. МАЖБУРЛАП АЛЫП КЕЛҮҮ

6. СОТ ПРИСТАВЫНЫН ТАЛАПТАРЫНЫН МИЛДЕТТҮҮЛҮГҮ

КОРУТУНДУ

ТАПШЫРМАЛАР

КОНТРОЛДУК СУРООЛОР

ТИРКЕМЕЛЕР

ЧЕНЕМДИК УКУКТУК БАЗА

1. “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 5-августундагы № 164 Мыйзамы

2. “Курал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 9-июнундагы № 49 Мыйзамы (КР 2001-жылдын 4-августундагы N 81, 2002-жылдын 20-мартындагы N 41, 2002-жылдын 27-июнундагы N 112, 2003-жылдын 18-февралындагы N 41, 2003-жылдын 6-мартындагы N 52, 2009-жылдын 16-ноябрындагы N 298, 2010-жылдын 19-февралындагы N 32, 2011-жылдын 10-ноябрындагы N 205, 2012-жылдын 11-октябрындагы N 171, 2013-жылдын 30-июлундагы N 171, 2014-жылдын 13-мартындагы № 46, 2015-жылдын 28-апрелиндеги N 89, 2016-жылдын 18-апрелиндеги N 45, 2016-жылдын 16-декабрындагы N 207, 2017-жылдын 27-апрелиндеги N 64, 2019-жылдын 29-мартындагы N 40, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 54, 2021-жылдын 10-сентябрындагы N 115 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3. “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 Мыйзамы (КР 2022-жылдын 18-январындагы № 4 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

4. “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-январындагы № 15 Мыйзамы (КР 2019-жылдын 25-июлундагы № 100, 2020-жылдын 17-августундагы № 135, 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

5. “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы № 67 Мыйзамы (КР 2008-жылдын 26-февралындагы N 16, 2009-жылдын 15-июлундагы N 214, 2011-жылдын 3-майындагы N 17, 2013-жылдын 15-июлундагы N 144, 2015-жылдын 17-февралындагы N 35, 2016-жылдын 27-июлундагы N 148, 2016-жылдын 27-июлундагы N 151 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

6. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси, КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген (КР 2022-жылдын 18-январындагы № 4, 2022-жылдын 1-апрелиндеги N 22, 2022-жылдын 14-апрелиндеги N 26, 2022-жылдын 16-июнундагы N 45, 2022-жылдын 30-июнундагы N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

7. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарында жана атайын кызматтарында согуштук атуучу кол куралдарды, алардын ок-дарыларын, ошондой эле дүрмөтсүз куралды жүгүртүүнүн эрежесин бекитүү

жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 31-октябрындагы № 756 Токтому

8. “Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдардын, укук коргоо органдарынын жана атайын кызматтардын ыкчам башкаруусунда турган ок атуучу куралдардын жана кадимки ок-дарылардын запастарын башкаруу эрежелерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 19-августундагы № 591 Токтому (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)

9. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө” Жобо

10. Сот приставдарын коргоонун ок атуучу жана электр куралдарын, алардын ок-дарыларын жана атайын каражаттарын эсепке алууну, сактоону, берүүнү уюштуруу боюнча 2017-жылдын 12-апрелиндеги №137 Нускама

11. Кыргыз Республикасынын сот приставдары тарабынан алып келүүнү жүзөгө ашыруу (мажбурлап жеткирүү) тартиби (2019-жылдын 16-январындагы №9)

12. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун имараттарына (аймагына) жарандарды киргизүүнүн жалпы эрежелери (2015-жылдын 14-декабрындагы)

13. Сот приставдарынын ишин уюштуруу боюнча 2017-жылдын 16-апрелиндеги №136 Нускама

14. Сот приставдарынын сот төрагасынын, судьянын же сот жыйналышында төрагалык кылуучунун тескемелерин аткаруу, соттор ишинин белгиленген тартибин камсыздоо боюнча милдеттерин аткарууда кызмат адамдары жана жарандар менен өз ара аракеттешүү  жана аткаруу өндүрүшүнө катышуу тартиби жөнүндө 2018-жылдын 25-сентябрындагы №574 Нускама

15. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууга каршы бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү уюштуруу боюнча 2018-жылдын 31-декабрындагы №797 Нускама

**АТАЙЫН АДАБИЯТ**

1. Кононов О.В., Кокарев Ю.Г. Судебные приставы: вчера, сегодня, завтра. Государство и право, 1999 -ж.
2. И.С. Статус судебного пристава-исполнителя  Экономический лабиринт, 2008 г.,  № №7-8

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

Сот приставдары кызматы бийликтин сот бутагынын тутумуна кирет жана анын ыйгарым укуктуу органынын – Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин алдында турат.

Сот приставдары кызматынын бөлүмү (СПКБ) сот ишинин коопсуздугун камсыздоо боюнча, коомдук тартипти камсыздоо жана сактоо,  соттордун имараттарын жана жайларын, сот приставдары кызматынын имараттарын жана жайларын, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарды жана жайларды кайтаруу боюнча иш-милдеттерин жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Мындан тышкары, сот приставдары кызматтары аткаруу иш-аракеттерин жасап жаткан учурда сот аткаруучуларга көмөктөшөт, судьяларды жана процесстин башка катышуучуларын кайтарууну камсыздайт, ошондой эле сот аткаруучуларды жана аткаруу иш-аракеттерине катышкан адамдарды ушул иш-аракеттерди жасап жаткан мезгилде кайтарат.

Сот приставдары кызматынын ыйгарым укуктары, анын ишин уюштуруу тартиби “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 5-августундагы № 164 Мыйзамы жана башка мыйзамдар, ченемдик укуктук актылар менен аныкталат.

### 1.2. СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН ТҮЗҮМҮ

Сот приставдары кызматынын бөлүмдөрү ыйгарым укуктуу орган – Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаменти тарабынан түзүлөт.

Сот приставдары кызматынын бөлүмдөрүнүн түзүмүн жана штаттык ырааттамасын ыйгарым укуктуу органдын мамлекеттик кызматчыларынын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан белгиленген жалпы штаттык санынын чегинде, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашуу аркылуу ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси бекитет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда сот приставдарынын ишин уюштуруу бул соттордун ишинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

Жергиликтүү соттордо сот приставдарынын ишине уюштуруучулук жана усулдук жактан жетекчилик кылууну Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаменти жана анын аймактык органдары жүзөгө ашырат.

**Сот приставдары кызматы төмөнкүлөрдөн турат:**

- **Башкы сот приставынан,** ал Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши менен макулдашылган ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат;
- **Областтардын, Бишкек шаарынын улук сот приставдарынан**, алар Башкы сот приставынын сунушу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан кызмат орундарына дайындалат жана кызмат орундарынан бошотулат;
- **Аймактык бөлүмдөрдөгү** (райондордогу, шаарлардагы жана райондор аралык түзүмдөрдөгү) **улук сот приставдарынан**, алар Бишкек шаарынын жана тиешелүү областтардын улук сот приставдарынын сунушу боюнча Башкы сот приставы тарабынан кызмат орундарына дайындалат жана кызмат орундарынан бошотулат.

- **Сот приставдарынан**, алар Бишкек шаарынын жана тиешелүү областтардын улук сот приставдарынын сунушу боюнча Башкы сот приставы тарабынан кызмат орундарына дайындалат жана кызмат орундарынан бошотулат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде СПКБ баш ийүүчүлүк жагынан вертикалдык тутуму бар жана олуттуу уюштуруучулук жана процесстик өз алдынчалыкка ээ фактысын белгилөөгө болот.

Сот приставы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Курал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, ошондой эле башка мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алат.

## 1.3. СОТ ПРИСТАВДАРЫ КЫЗМАТЫНЫН УКУК КОРГОО ИШИ

Соттордо сот ишин жүргүзүүнү уюштурууга, аны  процесстик мыйзамдарда белгиленген тартипти сактоо менен тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыздоого, судьянын жана соттун тескемесин аткарууну камсыздоого көмөктөшкөндүктөн, сот приставдары кызматынын кызмат адамдары коомдук тартипти, бийликтин мамлекеттик институттарын сактоо жагынан укук коргоо органдарына тийиштүү ыйгарым укуктарды толук даражада аткарат.

Мындан тышкары, сот приставдары институту карызкорго чара көрүүнүн кыйла таасирдүү укуктук каражаты болуп саналат жана натыйжада соттук жана башка юрисдикциялык актыларды өз убагында жана толук аткарууга көмөктөшөт.

**Козголгон темага ылайык, коомдук тартипти соттордун ишинин талаптагыдай ыргагын камсыздоо, сот адилеттигин жүргүзүүдө судьяларга жана процесстин башка катышуучуларына жагымдуу, коопсуз кырдаалды түзүү катары түшүнүү керек.**

## 2. МАЖБУРЛОО ЖАНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫ

Сот приставынын талаптарын аткаруу үчүн мыйзамдарда каралган белгилүү бир мүнөздөгү процесстик иш-аракеттердин жыйындысын мажбурлоо жана бөгөт коюу чаралары катары түшүнүү керек.

Сот приставы өзүнө берилген укуктарды “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык колдонууга жана өз ишинде жарандардын, кызмат адамдарынын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын басмырлоого жол бербөөгө милдеттүү.

### 2.1. Сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо боюнча сот приставынын ыйгарым укуктары

Ар бир мамлекеттик кызматчынын укуктук статусу ага жүктөлгөн милдеттердин жана берилген укуктардын жыйындысы менен шартталат.

Сот приставдарынын иши соттун иши менен тыгыз байланышкан. Сот приставдары өз ишинде кош баш ийичүүлүккө – өзүнүн түздөн-түз жетекчисине жана судьяларга баш ие турган фактыны белгилөө керек. Кызматтык регламентке негизделген кызматтык мамилелерде тургандыктан, сот приставы өзүнүн түздөн-түз жетекчисине баш иет. Бул учурда улук сот приставы жогору турган кызмат адамы катары чыгат, кызматтык баш ийүүдо болгондуктан, анын тескемелери сот приставы үчүн милдеттүү.

Ал эми сот приставы сотто судьялардын ишин камсыздоо үчүн түздөн-түз кызмат өтөгөндүгүнө байланыштуу, судьяларга баш иет. Бул сот приставынын иши судьянын же төрагалык кылуучунун чечимдерине (актыларына) гана көз каранды дегенди билдирет.

Бул учурда судьянын жетекчилиги деп аталган принцип орун алат, ал сот жыйналышында бардык субъектилер, анын ичинде сот приставы төрагалык кылуучунун тескемелерине баш ийүүгө тийиш дегенди билдирет, себеби көз карандысыздыкты, объективдүүлүктү, калыстыкты сактоо менен процесске жетекчилик кылуу судьяга гана жүктөлгөн.

Төрагалык кылуучу сот жыйналышында тийиштүү тартипти камсыздоо боюнча зарыл чараларды көрөт. Төрагалык кылуучунун тескемелери процесстин бардык катышуучулары, ошондой эле сот жыйналышынын залында катышып отурган бардык жарандар үчүн милдеттүү.

*Соттук териштирүүнүн бардык катышуучулары, буга тете эле соттук отурумдун залында катышып жаткан бардык катышуучулар төрагалык кылуучу судьянын соттук отурумдун тартибин сактоо жөнүндө тескөөлөрүнө баш ийиши керек (КР КЖПК 305-беренеси 5-п.).*

Судьянын жетекчилик принциби сот приставы соттун төрагасынын, сот жыйналышында төрагалык кылган судьянын коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча тескемесин аткарууга милдеттүү деп так жазылган “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан, ошондой эле сот приставы соттук отурумда тартипти камсыз кылат, төрагалык кылуучунун тескөөлөрүн аткарат жана ага мыйзам менен жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат деп так жазылган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинен келип чыгат (КР КЖПК 306-беренеси).

**Сот отурумунда соттун нормалдуу ишин жана процесстин катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу сот приставдарына жүктөлөт. Сот приставынын талаптары сот отурумунун залында катышып жаткан жактар үчүн милдеттүү болуп саналат (КР КЖПК 305-беренеси 1-п.).**

## 3. МАЖБУРЛОО ЖАНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫНЫН КОЛДОНУЛУШУНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ

### 3.1. Укукка каршы жосундарды токтотуу жөнүндө талап

Сот приставынын милдети – сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо, ошондой эле судьянын, төрагалык кылуучунун мыйзамдуу талаптарын турмушка ашыруу б.а. бул үчүн болгон күч-аракетин жумшоо. Бул сот приставдары аткарууга тийиш болгон башкы милдет. Мыйзам менен берилген укуктар жана милдеттер ушул ишти жеңилдетүүгө багытталган.

“Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, сот приставы колдоно турган мажбурлоо жана бөгөт

коюу чараларына, анын ичинде, эгерде андай жосун соттун имаратында, же болбосо, түздөн-түз сот жыйналышы өтүп жаткан учурда орун алса, укукка каршы жосундарды токтотуу жөнүндө талап кирет.

Сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо максатында соттун талаптагыдай иштөөсү үчүн шарттарды жана процесстин катышуучуларынын сот жыйналышындагы коопсуздугун камсыздоо талап кылынат.

Ушуга байланыштуу сот приставы соттун имаратында, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча соттун төрагасынын, сот жыйналышында төрагалык кылган судьянын тескемесин аткарууга тийиш.

Жүктөлгөн кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы кызматтык милдеттерин форма кийимчен аткаруусу, кызматтык курал жана атайын каражаттарды алып жүрүүсү, адамдардын укукка каршы аракеттерин токтоосуз алдын алуусу жана андай аракеттерге бөгөт коюусу, сот жыйналышын өткөрүүгө даярдыгын аныктоо жана ал жайда коопсуздук жаратуучу буюм, зат, күйүүчү май, жарылуучу, ууландыруучу ж.б. заттардын болуусуна жол бербөө максатында сот жайынын жыйналышка даярдыгын текшерүүсү керек.

Практикада өзгөчө кылмыш иштерин кароодо тараптар же болбосо сот жыйналышына угуучу катары келген процесстин башка катышуучулары кыйкырып, судьянын талаптарына баш ийбей, адамды шылдыңдап, кээде кол кол көтөрүп, сот залында тартипти бузган учурлар көп кездешет.

Кээде мас абалында же баңги же уулуу каражаттарды колдонуп, жүргөн адамдар кандайдыр бир жол менен сот имаратында же сот залына келип калышат.

Мындай фактылар келип чыккан учурда көрсөтүлгөн тартип бузуучулар төрагалык кылуучу судьянын сот жыйналышында тартипти сактоо жөнүндө мыйзамдуу буйругуна баш ийүүнү каалабаса, ошондой эле сот жыйналышынын залынан чыгып кетүүнү каалабаса, судьянын андай талаптары сот приставы тарабынан аткарылат.

Укукка каршы жосунду токтотуу боюнча талаптардын аткарылышы, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 305-беренеси менен жөнгө салынат, анда процессти өткөрүү боюнча соттун нормалуу ишин, ошондой эле процесстин катышуучуларынын коопсуздугун

камсыз кылууга байланыштуу сот приставынын талаптары соттук отурумдун залында катышып жаткан жактар үчүн милдеттүү болуп саналары так жазылган (КР КЖПК 305-беренеси 1-п.).

### 3.2. Укукка каршы аракеттерге жол бербөө жөнүндө эскертүү

Мажбурлоо жана бөгөт коюу чаралары – мыйзамда каралган жана мыйзам менен белгиленген тартипте колдонулуучу, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөчү мажбурлоо чаралары, мисалы, адамдын сотко чакырылганда келбей, баш тартуусуна тоскоолдук кылуу үчүн аны сотко алып келүү, адамдын сот ишине кийлигишүүсүнө мүмкүнчүлүк бербөө (мисалы, сот жыйналышынын залынан чыгып кетүүнү талап кылуу, чыгарып салуу), же болбосо ага сот жыйналышына катышкан башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө, ошондой эле сот актысын аткаруудан баш тартууга мүмкүнчүлүк бербөө ж.б.

Соттун имаратында жүргөн же соттук териштирүүгө катышуучу болгон ар бир адамга өзүн талаптагыдай алып жүрүүгө моралдык милдеттенменин жүктөлгөндүгү  мажбурлоо чараларынын маңызы болуп саналат.

Эреже катары, алдын алуу чаралары менен же болбосо мыйзамсыз жосунду токтотуу талабы менен байланышкан бардык мажбурлоо чаралары, жогоруда аталган адамдар тарабынан процесстик бузуулар жасалган учурда алда канча катаал бөгөт коюу чарасын колдонуу коркунучу менен камсыздалат.

Өз милдеттерин аткаруу процессинде сот приставы тарабынан жүзөгө ашырылуучу мажбурлоо чаралары катары «Сот приставдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аларга жүктөлгөн бардык аракеттер каралышы мүмкүн, мисалы:

• *соттун имаратына мас абалында келген адамдарды, жеке карап чыгууну жүргүзүүдөн баш тарткан адамдарды, ошондой эле коопсуздукка коркунуч туудурган буюмдарды, заттарды жана каражаттарды алып жүргөн адамдарды соттун имаратына, жайларына киргизбөө;*

• *коомдук тартипти бузган адамды (адамдарды) сот залынан чыгаруу;*

• *соттун имаратында жана жайында жасалган кылмыштардын жана укук бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу.*

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде каралган, судьянын же төрагалык кылуучунун тескемесинин негизинде аткарылуучу аракеттер, мисалы:

*Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 307-беренесине ылайык, соттук отурумда процесстин катышуучусу тартип бузганда, төрагалык кылуучунун тескөөсүнө баш ийбегенде ага эскертүү берилет, ал тартипти кайра бузганда, соттук отурумдун залынан чыгарып жиберилүүгө жатат же Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган акчалай жаза салынат.*

*Чыгарып жиберүү айыптоочу жана адвокаттан тышкары, процесстин кайсы болбосун катышуучусуна карата жүргүзүлүшү мүмкүн. Акчалай жаза айыптоочуга, адвокатка жана айыпталуучуга салынышы мүмкүн эмес.*

*Айыптоочу же адвокат төрагалык кылуучунун тескөөсүнө баш ийбей койгондо, эгерде иш үчүн зыян келтирбестен бул адамды башка адам менен алмаштыруу мүмкүн эмес болсо, ишти угуу судьянын токтому, соттун аныктамасы менен кийинкиге жылдырылышы мүмкүн. Сот бир эле учурда жеке аныктама чыгарат жана жогору турган прокурорго же тиешелүү органга жана (же) адвокатурага жөнөтөт.*

*Эгерде сот отурумунун залынан айыпталуучу чыгарылса, өкүм анын катышуусунда жарыя кылынат же жарыя кылынгандан кийин ага дароо билдирилет.*

*Процесстин катышуучусунун сот отурумунун залынан чыгарылгандыгы жөнүндө протоколго киргизилет.*

*Сот отурумунун залында отурган, бирок процесстин катышуучусу болбогон адамдар тартип бузган учурда төрагалык кылуучу судьянын тескөөсү боюнча сот отурумунун залынан чыгарылат.*

*Мындан тышкары, аларга Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык акчалай жаза салынуусу мүмкүн. <u>Сот приставы акчалай жаза салууга алып келүүчү тартип бузуу жөнүндө протоколду түзөт.</u>*

Сот приставынын келбегендердин келишин камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүсү сыяктуу аракеттерин дагы мажбурлоо чаралары катары кароого болот.

*Атап, айтканда, соттук отурумга чакырылган жактардын кимдир-бирөөсү келбей калса, судья өзүнүн токтому менен, сот өзүнүн аныктамасы менен ишти териштирүүнү кийинкиге калтырат жана сот приставдарын келбеген адамдардын келүүсүн камсыз кылуу чараларын көрүүгө милдеттендирет (КР КЖПК 301-беренеси 1-п.).*

Мажбурлоо чаралары катары сот залынан келген күбөлөрдү чыгарууга байланыштуу чаралар көрүлөт.

*Атап, айтканда, келген күбөлөр аларды суракка алганга чейин соттук отурумдун залынан чыгарылат. Сот приставы сурала элек күбөлөр, суралган күбөлөр менен, ошондой эле соттук отурумдун залындагы башка адамдар менен сүйлөшпөгүдөй чараларды көрөт (КР КЖПК 315-беренеси).*

### 3.3. Инсандыгын тастыктаган документтерди текшерүү

Сот ишинин белгиленген тартибин камсыз кылууну уюштуруу үчүн жооптуу сот приставы, бөлүмчөнүн сот приставдарынын ичинен улук сот приставы тарабынан дайындалган сот приставдарынын командасынын (тобунун) улугу соттун имаратындагы, жайындагы  кайтарууну, өткөрмө режимди камсыз кылат, ал эми соттун имаратынан, жайынан тышкары жерде кээ бир процесстик аракеттерди аткарууда судьялардын, сот арачыларынын жана сот процессинин башка катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында соттун имаратына, жайына  жана көчмө сот жыйналышы өткөрүлүүчү сот жайына барууга талаптанган бардык адамдардын инсандыгын ырастоочу документтерин текшерүүсү керек.

Жогоруда саналган адамдардын коопсуздугу сот жыйналышы өтүп жаткан соттун имараттарында жана жайларында сот жыйналышынын бүткүл мезгилинде, ал эми зарыл болгон учурда кечки убакта, дем алыш жана майрам күндөрү камсыздалат.

**Коопсуздукту камсыз кылуу – кызматтык ишмердүүлүк менен байланышкан адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салуулардын алдын алуу жана аларга бөгөт коюу боюнча чаралардын, сот адилеттигин ишке ашыруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү б.а. коомдук тартипти камсыз кылуу максатында колдонулуучу чаралардын жыйындысы.**

Жарандардын сот имараттарына кирүүсүнө контролдук кылуунун жалпы эрежелери сот ишинин белгиленген тартибин сактоого багытталган жана судьялардын, сот аппаратынын кызматкерлеринин, башка уюмдардын, мекемелердин кызматкерлеринин жана келгендердин сот имаратына кирүү жол-жоболорун аныктаган уюштуруу-укуктук чектөөлөрдүн, эрежелердин жана атайын чаралардын комплексин карайт.

Төмөнкүлөр жарандардын кирүүсүн контролдоонун негизги милдеттери болуп саналат:

• *сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн жана сот адилеттигин ишке ашырууга тиешеси бар адамдардын коопсуздугун бир эле учурда камсыз кылуу;*

• *судьяларды, сот арачыларын, сот процессинин катышуучуларын, адамдарды жана соттун мүлкүн кылмыштуу жана башка укуккка каршы кол салуулардан коргоону камсыз кылуу;*

• *сот имаратында коомдук тартипти сактоо;*

• *сот имаратына куралдарды, ок-дарыларды жана жарылуучу, уулуу жана жалбырттап тез күйүүчү заттарды алып келүү аракеттерине жол бербөө.*

Келүүчүлөрдү имаратка, соттун имаратына киргизгенде сот приставдары ички иштер органдары менен бирдикте имаратка, соттун жыйынына келгендердин өтүшүн контролдойт, ошондой эле сотко келгендердин соттун белгиленген ички эрежелерин сактоосун камсыздайт, сотто бар техникалык коопсуздук каражаттарын колдонот, өздүгүн тастыктаган документтерди текшерет.

Төмөнкүлөр соттун имаратына өтүүгө (кирүү, чыгуу) укук берүүчү документтер болуп саналат:

• *паспорт;*

• *кызматтык ырастамасы;*

• *сотко чакырууга чакыруу кагаздары, сот жыйналышын дайындоо жөнүндө аныктамалар (токтомдор);*

• *тизме, билдирмелер.*

Документтин туура эмес таризделгендиги аныкталган учурда сот приставы бул документ табылган адамдын өтүшүн токтото туруага, аныкталган факт тууралуу улук сот приставына билдирүүгө, алынган көрсөтмөгө ылайык аракеттенүүгө милдеттүү.

Эгерде өздүгүн тастыктаган документти жасалмалоонун ачык-айкын белгилери байкалса, сот приставы келүүчүнү кармоого жана бул тууралуу аймактык ички иштер бөлүмүнүн нөөмөт бөлүмүнө билдирип, өткөрүү үчүн мындай документти көрсөткөн адамды андан ары өткөрүп берүүгө милдеттүү.

Кире бериште документтер ачылган түрдө жарандарды контролдоону камсыз кылуучу кызматкердин колуна текшерүү үчүн берилет.

**3.4. Жарандардын буюмдарын жана өзүн карап чыгуу**

Соттук отурумдун имаратына курал-жарактарды (атуучу куралдарды, дүрмөтсүз куралдарды), ок-дарыларды жана жарылуучу, уулуу жана тез күйүүчү заттарды жана баңги заттарды киргизүүгө жол бербөө максатында соттун имаратына келген адамдарда бул көрсөтүлгөн заттардын жана буюмдардын бар-жогу стационардык (кол) металл издегичтен өткөрүү жолу менен контролдон өткөрүлөт, ал эми алар келген буюмдар карап көрүү үчүн көрсөтүлөт, *мында жарандар көрсөтүүдөн баш тартууга укуксуз жана сот приставдарынын талаптарына толук баш ийүүсү керек.*

Эгерде карап чыгууну жүргүзүүдөн адам баш тартса, жарандарды өткөрүүнү контролдоочу кызматкер бул тууралуу соттун администраторуна же соттун төрагасына билдирет, ал бул келүүчүнү соттун имаратына киргизүү мүмкүндүгү жөнүндө чечим кабыл алат.

СПКБ жана РИИБ кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте соттун имаратында, жайларында жүргөн адамдарды карап чыгууну жүргүзүүгө, ошондой эле алар алып жүргөн жеке буюмдарды карап чыгууну жүргүзүүгө укуктуу.

Бул адамдарда курал-жарак, ок-дары жана жогоруда аталган тыюу салынган башка заттар болушу мүмкүн деп ойлоого негиздер болсо, ошондой аракеттерге жол берилет.

Сот приставы жеке карап чыгууну жүргүзүүдөн баш тарткан адамдарды, ошондой эле коопсуздукка коркунуч келтирген буюмдары, заттары жана каражаттары бар адамдарды жана соттун имаратына, жайына, көчмө жыйналыштар өткөрүлүүчү имараттарга жана сот жыйналыштар залына мас абалында келген адамдарды киргизбөөгө укуктуу.

Келгендерден же алардын буюм-тайымдарынан аталган тыюу салынган буюмдар табылган учурда жарандарды өткөрүүнү контролду камсыздоочу кызматкерлер аларды кармап, жүйөлүү рапорт боюнча ИИБ кызматкерлерине өткөрүп беришет.

Сотто белгиленген жарандардын жүрүм-турум эрежелерин бузуулар аныкталганда жана сотто белгиленген эрежелерди бузган аракеттерди токтотуу жөнүндө сот приставдарынын тескемелери аткарылбаганда, сот приставдары административдик укук бузуу жөнүндө протокол түзүү жана жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени чечүү үчүн укуккка каршы аракеттерге жол берген адамдарды кармашат.

**3.5. Кылмыш жасоонун куралы же административдик укук бузуунун тикелей объектиси болгон буюмду алып коюу**

Карап чыгуу жүргүзүлгөн адамдан тыюу салынган буюмдар жана заттар табылган учурда сот приставы тиешелүү протоколду түзүү менен мындай буюмдарды, заттарды жана каражаттарды алып коюуга, ал адамдарды кармоого жана аларды ички иштер органдарына өткөрүп берүүгө укуктуу.

Тыюу салынган буюмдардан жана заттардан тышкары, бөтөлкөдөгү ар кандай суусундуктарды, дары-дармектерди, тамекилерди, от алгычтарды, учтуу буюмдарды жана башка шектүү мүнөздөгү заттарды сот имаратына алып кирүүгө тыюу салынат.

Мындан тышкары, административдик укук бузуунун куралы же тикелей объектиси болгон предмет алып коюлууга тийиш (Мыйзамдын 10-беренесинин 5-пункту).

Кооптуу же башка өзгөчө кырдаал жаралган учурда сот приставы текшерүү жана карап чыгуу аяктаганга чейин шектүү адамдарды соттун имаратына, жайына, соттун көчмө жыйналышы өтүп жаткан имараттарга жана жайларга, сот приставдар кызматынын имараттарына жана жайларына киргизбөөгө укуктуу.

Коопсуздукка коркунуч туудурган буюмдар табылган учурда сот приставдары өздөрүнүн жогору турган органына бул тууралуу билдиришет, бул боюнча протокол түзүшөт жана болгон окуя боюнча укук коргоо органдарына токтоосуз түрдө билдиришет.

Курал, ок-дарылар, жардыргыч заттар, жардыргыч түзүлүштөр, баңги каражаттары же психотроптук заттар жана коопсуздукка коркунуч туудурган башка буюмдар, заттар жана каражаттар болгон учурда сот приставы аларды кармайт жана саналып өткөн нерселердин заттардын жана буюмдардын табылгандыгы жөнүндө билдирүү менен андан ары ички иштер органдарына өткөрүп берет,.

### 3.6. Тартип бузгандарды сот жыйналышынын залынан, соттун имаратынан же жайынан чыгарып салуу

Кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы соттун жана төрагалык кылуучунун процесстин катышуучуларына жана башка жарандарга мыйзамда каралган бардык процесстик чараларды колдонуу жөнүндө чечимдерин аткарууга тийиш.

*Мында сот приставы судьялардын, сот арачыларынын, сот жыйналышынын катышуучуларынын, соттун аппаратынын кызматкерлеринин жана жарандардын ден соолугун, өмүрүн, мүлкүн коргоо максатында тартип бузгандарды сот жыйналышында төрагалык кылуучунун же тиешелүү соттун төрагасынын тескемеси боюнча сот жыйналышынын залынан, соттун имаратынан же жайынан чыгарып салуу боюнча чараларды көрөт (Мыйзамдын 10-беренесинин 6-пункту).*

*Чыгарып салууга тийиш болгон адамдар каршылык көрсөткөн учурда сот приставы тикелей күч колдонууга укуктуу (Мыйзамдын 10-беренесинин 7-пункту).*

*Эгерде сот жыйналышында коомдук тартипти бузгандыгы үчүн судьянын буйругу менен акчалай жаза түрүндөгү айып пул салынса, сот приставы бул жөнүндө протокол түзөт (КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 307-беренесинин 4-пункту).*

### 3.7. Тикелей күч колдонуу

Кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы процесстин катышуучуларына жана башка жарандарга мыйзамда каралган процесстик мүнөздөгү бардык чараларды колдонуу жөнүндө соттун жана судьянын чечимдерин аткарууга тийиш.

Сот приставы соттун имаратында жана жайында, соттун көчмө жыйналыштары өткөрүлүүчү имаратта жана жайларда, кеңешме бөлмөлөрүндө жана аткаруу аракеттерин жасоого катышуу жерлеринде жасалган кылмыштардын жана укук бузуулардын алдын алууга жана аларга бөгөт коюуга, алар боюнча укук бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө, ал эми зарыл болгон учурда  укук бузуучуларды кармоого жана ички иштер органдарына өткөрүп берүүгө милдеттүү.

Сот жыйналышынын тартиби бузулган учурда сот приставы соттун төрагасынын, судьянын же төрагалык кылуучунун тескемеси боюнча коомдук тартипти бузган ал адамды (адамдарды) сот жыйналыштар залынан чыгарууга милдеттүү.

Бул максатта сот приставы төрагалык кылуучунун тескемесин аткаруу менен сот жыйналышынын убагында белгиленген тартипти бузган адамдарды сот жыйналыштар залынан чыгарып салууга тийиш.

Төрагалык кылуучунун көрсөтмөлөрүнө жана сот приставынын талаптарына баш ийбеген учурда, ошондой эле каршылык көрсөтүү же коркунуч бар экендиги тууралуу сөз болгон башка зарыл учурларда учурда сот приставы тикелей күч колдонууга, анын ичинде атайын каражаттарды (резина таяктар, көздөн жаш агызуучу газ, кишен ж.б.) колдонууга укуктуу.

### 3.8. Соттун белгиленген тартибин жана ишин бузган массалык тартипсиздиктерди жана топтошкон аракеттерди болтурбоо үчүн

**атайын каражаттарды (желим таяктарды, көздөн жаш агызуучу газды, кол кишендерди жана ушул сыяктууларды) колдонуу**

Соттун имаратында, жайында коомдук тартипти бузган адамдарды аныктаганда сот приставы алардын соттун имаратында, жайында болушунун себебин аныктайт, эгерде адамдар соттук териштирүүнүн катышуучулары болуп саналса, бул жөнүндө сот жыйналышында төрагалык кылуучуга же соттун төрагасына билдирет. Сот жыйналышында төрагалык кылуучу судьядан же соттун төрагасынан алынган буйрук мыйзамда белгиленген тартипте сот приставы тарабынан аткарылат.

Кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы укук бузуучулардын сот ишинин нормалуу жүрүшүнө, экономикалык жана саясий туруктуулукка каршы жана сот жыйналыштарын үзгүлтүккө учуратууга багытталган жапырт баш аламандыгына жана топтошкон аракеттерине туш болушу мүмкүн. Мындай жагдайлар, эреже катары, уюшкан топ же кылмыштуу коом (кылмыштуу уюм) уюштурган, кылмыш-жаза-укуктук тартипте каралып жаткан оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча резонанстуу иштер боюнча, ошондой эле администрациялык иштер боюнча келип чыгышы мүмкүн.

Мындай учурларда соттун төрагасы сот приставы же сот приставдарынын тобу сот жыйналыштарынын залында коопсуздуктун күчөтүлгөн чараларын камсыздоосун көрсөтүү менен, жогоруда аталган категориядагы иштер карала турган күн жөнүндө тиешелүү СПКБнын улук сот приставына алдын ала билдирет. Мындай маалымат сот приставы тарабынан атайын журналга жазылат.

Мында сот приставы соттун белгиленген тартибин жана ишин бузган массалык тартипсиздиктерди жана топтошкон аракеттерди болтурбоо үчүн атайын каражаттарды (желим таяктарды, көздөн жаш агызуучу газды, кол кишендерди жана ушул сыяктууларды) колдонуу менен мажбурлоо чараларын көрүүгө укуктуу.

**3.9. Административдик укуктарды бузган адамдарды административдик кармоо**

Административдик кармоо – жеке жактын эркиндигин кыска мөөнөткө чектөө, бул жарандардын, коомдун коопсуздугун камсыз кылуу, ишти туура өз убагында кароо, административдик укук бузуулар жөнүндө иш боюнча токтомду аткаруу үчүн зарыл болсо, өзгөчө учурларда гана колдонулушу мүмкүн.

Административдик укук бузуулар аныкталганда, ошондой эле сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун белгиленген тартиби бузулган учурларда, сот ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу боюнча судьянын же сот приставынын тескемесин аткарбаганда, сот приставынын мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылганда, аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдар бузулганда, аткаруу документинде камтылган мүлктүк эмес мүнөздөгү талаптарды аткарбаганда, ошондой эле соттун имаратында (соттун жайында) жасалган ар кандай административдик укук бузуулар аныкталганда укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен катар сот приставдары административдик кармоону жүзөгө ашырууга укуктуу.

Административдик бузууну колдонуу тартиби “Сот приставдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси менен жөнгө салынат.

Административдик камакка алуу жөнүндө сот приставы административдик укук бузуу жөнүндө протоколду же болбосо сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун тартибин бузуу жөнүндө протоколду түзөт.

Протоколдо протокол түзүлгөн дата жана убакыт, шектүүнү кармоонун датасы, убактысы, орду, негиздери жана жүйөсү, аны жеке карап чыгуунун натыйжалары жана аны кармоонун башка жагдайлары көрсөтүлөт.

Кармоо протоколуна аны түзгөн адам жана шектүү кол коет.

Ошондой эле, эгерде адамда анын карамагында тыюу салынган буюмдар жана заттар болсо, ошондой эле адамды кылмыш жасады деп шектенүүгө негиз болгон башка маалыматтар болсо, ал адам административдик тартипте камакка алынышы мүмкүн.

Мындан тышкары, эгерде жашырынууга аракет кылса, же туруктуу жашаган жери жок болсо, же болбосо шектүүнүн өздүгүн бышыктаган документтери

жоктугунан анын инсандыгы аныкталбаса, бул адам камакка алынышы мүмкүн.

Администрациялык камоо администрациялык укук бузуу болгон учурда гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул ченем психикалык жактан оорулууларга жана жашы жетпегендерге таркатылбайт: коомдук жайларда болушу айланасындагы адамдарга же өздөрүнө коркунуч келтиргендиктен, алар администрациялык укук бузууга жол бербеген учурда дагы администрациялык камакка алынышы мүмкүн.

Адамды администрациялык кармоо орун алганда сот приставы кармалган адамдын турган жери жөнүндө билдирүү менен анын туугандарына кыска мөөнөттө кабарлайт.

Улук сот приставы, сот приставы тартип бузуу үчүн жоопкерчиликке тартылган адамдардын ар бирине анын төмөнкү укуктарын түшүндүрүүгө милдеттүү:

1) өкүлдүн же котормочунун жардамынан пайдаланууга;

2) түшүндүрмө берүүгө же түшүндүрмө берүүдөн жана суроого жооп берүүдөн баш тартууга;

3) мамлекеттик же расмий тилде түшүндүрмө берүүгө;

4) Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиянын чечимине сотко даттанууга.

Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузуу, эгерде Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 519-беренесинде каралган жагдайлар болбосо, укук бузуу жасалган жер боюнча улук сот приставы же сот приставы тарабынан каралат жана чечилет, мисалы,

1. жагымсыз аба-ырайынын шарттарында же протоколду түзүү үчүн зарыл болгон адам жөнүндө маалыматты тактоо үчүн техникалык каражаттарды пайдаланган учурда ыйгарым укуктуу орган бул үчүн жарактуу болгон жакынкы жайларда же транспорт каражатында протокол түзүүгө укугу бар.

2. эгерде адамда ким экендигин тастыктаган документ жок болсо жана мындай учурда ал өзүнүн ким экенин ырастаган жана өзү жашаган жер жөнүндө маалымат берүүдөн баш тартса, анда ыйгарым укуктуу орган укук бузуулар жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адамды органдын жайына алып барууга укуктуу.

Мындай учурларда административдик кармоону жүзөгө ашыруу үчүн адам ички иштер бөлүгүнүн нөөмөт бөлүмүнө же органына, Жол кайгуул кызматынын (ЖКК)  кармалгандарды кармоо үчүн атайын бөлүнгөн жай бар стационардык постуна жеткирилет.

Административдик кармоо административдик укук бузууга бөгөт коюу, укук бузуучунун ким экендигин аныктоо, административдик укук бузуу аныкталган жерде түзүү мүмкүн болбосо, административдик укук бузуу жөнүндө протоколду түзүү максатында колдонулат.

Жалпы эреже боюнча кармоонун жана административдик протоколду түзүүнүн мөөнөтү үч сааттан ашык болбоого тийиш.

Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн бардык учурларда бөлүмдүн улук сот приставы же сот приставы аны бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттын ичинде Укук бузуулардын бирдиктүү реестринин автоматташтырылган маалымат тутумунун базасына киргизүүгө милдеттүү.

Сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун тартибин бузуулар жөнүндө иштер курамы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин аймактык бөлүмдөрүндө иштеген үч кызмат адамынан турган Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия (мындан ары – Комиссия) тарабынан Комиссиянын катчысынын катышуусу менен каралат, мында укук бузуу жөнүндө протокол түзгөн сот аткаруучу же сот приставы бузуу жөнүндө ишти кароого катышпайт.

## 4. КҮЧТҮ, АТАЙЫН КАРАЖАТТАРДЫ ЖАНА ОК АТУУЧУ КУРАЛДАРДЫ КОЛДОНУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ

### 4.1. Күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу тартиби жана чектери

Кызматтык милдеттерин аткарууда сот приставы кылмыштарга жана административдик укук бузууларга бөгөт коюу, кылмыш жана административдик укук бузуу жасаган адамдарды кармоо, сот актысына ылайык адамдарды кармоо, сот приставынын мыйзамдуу талаптарына каршы

аракеттин мизин кайтаруу үчүн кара күчүн, анын ичинде күрөш ыкмаларын, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонууга укуктуу.

Эгерде башка зомбулуксуз чаралар жүктөлгөн милдеттерин аткарууну камсыз кылбаса, сот приставы кара күчүн, атайын каражаттарды, куралдын ар кандай түрлөрүн, анын ичинде ок атуучу куралды колдонууга укуктуу.

Сот приставдарынын карамагында болгон ***атайын каражаттарга*** резина таякчалардын ар кандай модификациялары, кишендер, коргоочу жилеттер, коргоочу шлемдер, көздөн жаш агызуучу же дүүлүктүрүүчү заттар менен жабдылган аэрозоль спрейлери, металл издегичтер, рациялар кирет.

Сот приставдарынын карамагында турган ***куралдардын түрлөрүнө*** ок атуучу курал, атылбоочу (дүрмөтсүз) курал, пневматикалык курал, газ куралы, электр куралы, ок атуучу куралдар жана газ куралдары үчүн ок-дарылар кирет.

**4.2. Куралдарды сактоого жана алып жүрүүгө коюлуучу талаптар**

Сот приставын ок атуучу курал менен камсыз кылуунун тартиби, сот приставдарынын куралдануусунда турган ок атуучу куралдын түрлөрүнүн, ага ок-дарылардын жана атайын каражаттардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте аныкталат.

Куралдын ар кандай түрүн сактоо жана алып жүрүү үчүн сот приставы Мыйзамга жана ок атуучу куралды эсепке алууну, сактоону, берүүнү уюштуруу боюнча нускамага ылайык зарыл кесиптик жана атайын даярдыктан өтүүгө тийиш. Ошондон кийин гана ок атуучу табелдик куралды жана электр куралын (мындан ары – курал) сактоого жана алып жүрүүгө, атайын каражаттарды колдонууга мыйзамдуу негиздер болот.

Куралдын материалдык бөлүгү, коопсуздук чаралары, ок атуу ыкмаларына жана эрежелерине көндүмү, ошондой эле практикалык атуу боюнча даярдыктан өтпөгөн кызматкерлерге курал берүүгө тыюу салынат.

Зарыл кесиптик жана атайын даярдыктан өткөндөн кийин сот приставдары кызматынын кызматкерине Башкы сот приставынын же облустун же Бишкек шаарынын улук приставынын колу коюлган, кызматтык милдеттерин аткаруу убагында курал алып жүрүүгө уруксаты жөнүндө жазуусу бар күбөлүк таризделип берилет.

### 4.3. Күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу шарттары жана чектери

«Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамга ылайык сот приставдары сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо (СИБТК) максатында, эгерде башка чаралар алардын милдеттерин аткарууну камсыз кылбаса, кара күчүн, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралды колдонууга укуктуу.

СИБТК боюнча кара күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралды колдонууда сот приставы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнө карата кара күч, атайын каражаттарды жана ок атуучу курал колдонулушу болжолдонгон адамдарга өз талаптарын аткаруу үчүн жетиштүү убакыт берүү менен аларды колдонуу ниети жөнүндө эскертүүгө. Бул ченем кечиктирилиши сот приставынын же башка жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч келтирген, башка оор кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон же түзүлгөн кырдаалда мындай эскертүү мүмкүн болбогон учурларга таркатылбайт;
- көрсөтүлгөн күчтү, каражаттарды жана куралды укук бузуунун мүнөзүнө жана коркунуч даражасына, каршы аракеттенүүнүн күчүнө жараша колдонууга. Мында келтирилген зыян минималдуу болушуна умтулуу керек;
- денесинен жаракат алган адамдарга биринчи медициналык жардам көрсөтүүнү камсыздоого жана мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө алардын туугандарына кабарлоого.

Кылмыштарды жана башка укук бузууларды болтурбоо жана аларга бөгөт коюу, аларды жасаган адамдарды кармоо, же болбосо адамдарды сот актысына ылайык кармоо, өзүн коргоо жана сот приставынын мыйзамдуу талаптарына каршы аракеттин мизин кайтаруу үчүн сот приставы кара күчтү, анын ичинде кол менен кармашуунун атайын күжүрмөн ыкмаларын жана жардамчы каражаттарды колдоно алат.

Кара күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралды колдонуу сотто катышып жаткан адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбөөгө тийиш. Көрсөтүлгөн күчтү, каражаттарды жана куралды

колдонууда ыйгарым укуктарынан аша чабуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Кара күч, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралды колдонуунун бардык учурларында улук сот приставы алар колдонулган учурдан тартып 24 сааттын ичинде прокурорго жазуу жүзүндө билдирет, ал эми аларды колдонуу адамдын өлүмүнө, жарадар болуусуна же денесинин көзгө көрүнгөн башка жаракатына алып келсе, кайсынысы (кара күч, атайын каражат же ок атуучу курал) колдонулганы карабастан, бул жөнүндө, мындан тышкары, туугандарына кабарлайт.

«Сот приставдары жөнүндө» колдонуудагы Мыйзам, сот приставдарынын кызматтык милдеттерин аткарууда, судьяларга, сот арачыларына, сот процессинин катышуучуларга, күбөлөргө жана соттун имараттарына жүргөн жарандарга, ошондой эле СПКБнын кызмат адамдарына алардын төмөнкү кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу кол салуулардын мизин кайтаруу үчүн атайын каражаттарды колдонуу тартибин дагы жөнгө салат:

өз кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу сот приставына көрсөтүлгөн каршылыкты же ага же болбосо соттук аткаруучуга кол салууга бөгөт коюу;

камактан качууга бөгөт коюу;

өмүргө, ден соолукка же менчикке каршы кылмыш жасаган же укук бузган адамды кармоо;

кармалган адамдар өз жүрүм-туруму менен алар качып кетет же башкаларга зыян келтирет деп ойлоого түрткү берген учурда аларды ички иштер бөлүмүнө жеткирүү;

сотко келүү боюнча мыйзамдуу талаптарды аткаруудан качкан адамдарды сотко мажбурлап алып келүүнү аткаруу.

Күч же курал менен каршылык көрсөткөн, жарандардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч туудурган топтук же куралдуу кол салган учурларды кошпогондо, зомбулуксуз мүнөздөгү мыйзамсыз иш-аракеттерди жасаган адамдарга, ошондой эле кош бойлуу экендиги байкалган аялдарга, майыптуулугунунун белгилери ачык көрүнгөн адамдарга жана сот приставына жаш курагы белгилүү болгон жашы жете электерге карата күчтү, атайын каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонууга тыюу салынат.

«Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамдын 15-беренесинин 1-пункту сот приставына төмөнкү учурларда ок атуучу курал колдонууга жол берет: судьялардын, сот арачыларынын, сот процессинин катышуучуларынын, ошондой эле жарандардын, сот аткаруучулардын жана сот приставдарынын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч келгенде, аларга кол салууга кайра сокку берүүдө;

курал-жаракты же атайын каражаттарды тартып алуу аракетине бөгөт коюуда;

сотко жана сот жайларына, соттун көчмө жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарга жана жайларга, сот приставдары кызматынын имараттарына жана жайларына топтук же курал менен кол салууга кайта сокку берүүдө;

камактан качып кетүүгө бөгөт коюу, ошондой эле камакта турган адамдарды зомбулук менен бошотууга аракет кылууларга бөгөт коюуда.

«Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамдын 15-беренесинин 2-пункту сот приставына төмөнкү учурларда куралды өз баамындай колдонууга эркиндик берет: укукка каршы жасалган аракеттердин реалдуу коркунучуна жараша адегенде эскертип атат, андан кийин гана эгерде укукка каршы аракет токтотулбаса, укукка каршы аракет жасаган адамды жабырланта ата алышат.

Мыйзам тарабынан ага берилген укуктарды ишке ашыруу боюнча ишти жүзөгө ашырууда сот приставы жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сактоону камсыз кылууга тийиш. Ал өзүнө берилген укуктарды мыйзамга ылайык гана, аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган максаттарга жетүү жана милдеттерди чечүү үчүн гана пайдаланууга, өз ишинде жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын бузууга жол бербөөгө, жеке жана үй-бүлөлүк жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарбоого милдеттүү.

«Сот приставдары жөнүндө» Мыйзамдын 14-беренесине ылайык, сот приставынын мыйзамдуу талаптары Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык органдар, уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан аткарылууга тийиш.

Буга байланыштуу сот приставынын талабы боюнча ага маалыматтарды, анын ичинде жеке маалыматтарды сот приставынын кызматтык милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон көлөмдө күбөлүк, документтер жана алардын көчүрмөлөрү түрүндө акысыз жана ал белгилеген мөөнөттө берилет.

Бул маалымат зарыл болгон учурда анын макулдугу боюнча маалыматты коргоонун уюштуруу-техникалык чараларын колдонуу менен электрондук документ түрүндө да берилиши мүмкүн.

Сот приставынын мыйзамдуу талаптарын аткарбоо, анын ичинде, аны бербөө же жалган маалыматтарды берүү, ошондой эле сот приставынын кызматтык милдеттерин аткаруусуна тоскоолдук кылган аракеттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Сот аткаруучулардын аткаруу аракеттерин жасоодо сот приставдарынын чыгарууга (киргизүүгө) катышуу мүмкүнчүлүгү да жокко чыгарылбайт. Мындай шартта алар сот аткаруучунун коопсуздугун камсыз кылууга, ошондой эле коомдук тартиптин сакталышын көзөмөлдөөгө милдеттүү.

## 5. МАЖБУРЛАП АЛЫП КЕЛҮҮ

**Адамды сот приставынын же сот приставдарынын тобунун коштоосунда чакыруу болгон жерге мажбурлап жеткирүү алып келүү деп түшүнүлөт.**

Сот жыйналышын даярдоодо судья тараптар берген тизмелер боюнча сот процессинин катышуучулары болуп саналган адамдарды сот жыйналышына чакыруу жөнүндө тескеме берет, ошондой эле башка зарыл чараларды көрөт.

Бирок, бул талаптар кандайдыр бир себептер менен, анын ичинде жүйөсүз себептер менен аткарылбай калган учурлар аз эмес. Ал эми бул адамдар жүйөлүү себепсиз келбей калган учурда аларды алып келүү сот приставдары тарабынан жүзөгө ашырылат. (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 282-беренеси).

Төрагалык кылуучу судьянын чечими алып келүүгө негиз болуп саналат, ал сот турган жер боюнча сот жыйналышына он күн калганга чейин алдын ала СПКБга жиберилет жана келип түшкөн жер боюнча аткарылууга тийиш.

Алып келүү жөнүндө сот актысы тиешелүү СПКБга келип түшкөн күндөн тартып бир жумуш күндүн ичинде Алып келүү жөнүндө сот актыларын

каттоо журналына милдеттүү түрдө катталууга тийиш жана СПКБнын улук сот приставы же анын милдеттерин аткарып жаткан адам тарабынан каралат.

Сот приставы алып келүү жөнүндө сот актысын жана СПКБнын улук сот приставынан нускама алгандан кийин, айыпталуучуга жана башка жарандарга мыйзамда каралган процесстик мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө судьянын жана төрагалык кылуучунун чечимдерин аткарат жана сотко келүүдөн качкан адамдарды алып келүүнү жүзөгө ашырат.

*Айыпталуучу келбей калганда иш боюнча териштирүү кийинкиге калтырылууга тийиш. Мындай учурда судья же сот айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылууну сот приставына милдеттендирет. Судья же сот ошондой эле жүйөсүз себептер боюнча келбеген айыпталуучуну алдырып келүүгө укуктуу (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 296-беренесинин 3-пункту).*

*Мажбурлап алып келүү колдонулгандан кийин айыпталуучу келбей калган учурда сот кылмыш иши боюнча өндүрүштү токтотуп турат, камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонот, өзгөртөт жана токтомду айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылуу жана (же) издөө иштерин уюштуруу үчүн прокурорго жиберет (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 301-беренесинин 2-бөлүгү).*

Соттун (судьянын) чакыруусу боюнча келүүдөн качкан адамды алып келүүнү жүзөгө ашырууда өзүнө жүктөлгөн милдеттерди кыйшаюусуз аткаруу максатында сот приставы турак-жайга кире алат, бирок бул соттун (судьянын) токтомунда ачык көрсөтүлүшү керек.

Мындан тышкары, сот приставы соттун (судьянын) чакыруусу боюнча келүүдөн качкан адамды алып келүүдө, эгерде аталган адам ушул аймакта, ушул жайда болушу мүмкүн деп эсептөөгө жетиштүү негиздери болсо, чакыруу боюнча келүүдөн качкан адамды кармоо жана мажбурлап жеткирүү максатында көрсөтүлгөн аймакка, жайга кирүүгө укуктуу.

*Мындай кирүүнүн максаты – келбей жаткан адамды кармап, мажбурлап сотко жеткирүү.*

*Кирүүгө жол берилишинин негизи – бул көрсөтүлгөн адам белгилүү бир аймакта же белгилүү бир жайда болушу мүмкүн деп ойлоого жетиштүү негиздердин болушу.*

## 6. СОТ ПРИСТАВЫНЫН ТАЛАПТАРЫНЫН МИЛДЕТТҮҮЛҮГҮ

Соттук приставынын мыйзамдуу талаптары Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле кызмат адамдары, органдар жана уюмдар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

Сот приставынын мыйзамдуу талаптарын аткарбоо, шылдыңдоо, каршылык көрсөтүү, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу же анын өмүрүнө, ден соолугуна, ар-намысына жана кадыр-баркына кол салуу, анын милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылган башка аракеттер, ошондой эле кызматтык милдетин аткаруусуна байланыштуу сот приставынын үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жакындарына ар кандай кол салуулар мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

*Тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, судья, сот арачысы, адвокат, эксперт, адис, соттук отурумдун катчысы, сот приставы, ошого тете алардын жакын туугандары, жубайы мамлекеттин коргоосунда турат.*

*Жогоруда саналып өткөн адамдарга иштерди сотто же сотко чейинки өндүрүштө кароого байланыштуу, мамлекет мыйзамда каралган тартипте алардын өмүрүнө кол салуудан же башка зомбулуктан коопсуздук чараларын көрүүнү камсыз кылат (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 75-беренеси).*

Маалыматтар, анын ичинде жеке маалыматтар сот приставынын кызматтык милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон көлөмдө сот приставынын талабы боюнча оозеки түрдө же маалымкаттар, документтер жана алардын көчүрмөлөрү түрүндө, же электрондук сактагычта зарыл болгон учурда маалыматты коргоо үчүн уюштуруучулук жана техникалык чаралар маалыматты пайдалануу менен электрондук алып жүрүүчүдө акысыз жана белгиленген мөөнөттө берилет.

Маалымат бербөө же жалган маалымат берүү, ошондой эле сот приставынын кызматтык милдеттерин аткаруусуна тоскоолдук кылган аракеттер мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет (“Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 11-беренеси).

## КОРУТУНДУ

Сот приставы өз ыйгарым укуктарынын чегинде өз алдынча чечим кабыл алат жана өз аракеттери же аракетсиздиги үчүн жоопкерчилик тартат.

Ушуга байланыштуу өздөрүнүн укук колдонуу ишинде сот приставдары мыйзамдарды кыйшаюусуз сактоого милдеттүү. Мында алар жасаган бардык аракеттер мыйзам тамгасына дагы, рухуна дагы ылайык келүүгө тийиш. Алар өз компетенциясынын алкагынан чыгууга укуксуз.

Сот приставдарынын кызматына учурда бир катар жооптуу иш-милдеттер жүктөлгөн, ошондуктан сот приставдары кызматынын керек экендигинен эч ким күмөн санабайт.

Кыска убакыттын тогошунда бул кызмат өзүн кыйла таасирдүү укук коргоочу түзүм катары көрсөтө алды.

Сот приставдарынын кызматы өнүгүү баскычында турат, анын иши өркүндөтүлүүдө.

Сот ишинин белгиленген тартибин камсыздоо боюнча аларга жүктөлгөн милдеттерди кыйла натыйжалуу жана толук аткаруу чаралары көрүлүүдө.

## ТАПШЫРМАЛАР

### 1-тапшырма

Облустун жергиликтүү сотторуна келген бардык жарандарды жеке карап чыгуу жөнүндө облустун улук сот приставынын тескемесин аткаруу үчүн сот приставы А. Асанов жаран аялдын сумкасын текшергенден кийин дагы карап чыгуу үчүн андан алып келген бардык буюмдарын алып чыгууну талап кылды. Жаран аял алып келген бардык буюмдарын алып чыгып, сот приставы А. Асановдун жеке карап чыгуусунан баш тартты. Сот приставы А. Асановдун мыйзамдуу талаптарын аткарбагандыгы үчүн ал “Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 12-беренесине ылайык ал аялга карата күч же атайын каражаттарды колдонору, ошентип,  жеке карап чыга тургандыгы жөнүндө эскертти. Бирок ал аял сот приставынын талаптарын аткаргандыгын айтып, анын жеке карап чыгуусунан кайра дагы баш тартты.

Натыйжада сот приставы жаран аялга карата күч колдонуп, жеке карап чыгууну жүргүздү.

Талкуу үчүн суроолор:

1). Көрсөтүлгөн учурда сот приставы “Сот приставдары жөнүндө” Мыйзамдын 12-беренесине ылайык күч колдонууга укугу бар беле?

Сот приставы тарабынан бузууга жол берилдиби?

**2-тапшырма**

Райондук соттун төрагасы тарабынан Сот департаментинин областтык бөлүмүнө сот приставынын бир күн бою жумуш ордунда болбогондугу тууралуу кат жолдонгон, катта ошондой эле сот приставы мамлекеттик кызматтын кызмат адамы экендиги жана мыйзамдар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматы боюнча сот приставына анын кесиптик иши "Сот приставдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынбаган бөлүгүндө кайрылат жана эмгек тартибин бузган соттук аткаруучуга тиешелүү чараларды көрүүнү өтүнөт.

Соттун төрагасынын катынын негизинде областтын улук сот приставы тарабынан эмгек тартибин бузган сот приставн 6-бөлүгүнүн а) пунктуна ылайык ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө буйрук чыгарылган. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 83-б, жумушка келбегендигине байланыштуу (жумуш күнүнүн ичинде себепсиз 3 үзгүлтүксүз сааттан ашык жумушка келбей калуу).

Соттун төрагасынын катынын негизинде областтын улук сот аткаруучусу тарабынан эмгек тартибин бузган сот аткаруучуну пунктуна ылайык ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө буйрук чыгарылган. ( Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 83-б.. 6-бөлүгүнүн а пунктуна ылайык жумушка келбегендигине байланыштуу (жумуш күнүнүн ичинде үзгүлтүксүз себепсиз 3 сааттан ашык жумушка келбей калуу).

Талкуу үчүн суроолор:

1. Областтын улук сот приставы тарабынан кандай бузуулар болгон?

**3-тапшырма**

Кылмыш иши боюнча сот процессинде  соттолуучунун жакындарынын бири кыйкырып, судьяларды сөгүп баштаган. Сот приставдары  физикалык күч колдонуу менен тартип бузган адамды сот залынан алып чыга башташты. Бул учурда соттолуучунун дагы бир туугандары өз чөнтөгүнөн бычакты сууруп чыга баштаган. Соттолуучунун жанында турган сот приставдарынын бири куралын сууруп алып, ага тынчтанып, бычакты ташта деп, болбосо ок чыгарарын эскертти. Бычагы бар тууганы эскертүүгө  көңүл бурган  эмес. Сот приставы эскертүүчү ок чыгарган, бирок ошол эле учурда  ок кокусунан сот отурумунун катчысынын далысына тийген.

Инцидент тууралуу областтын  (Бишкек ш.) улук сот приставына билдирилген.

Талкуу үчүн суроолор:

1). Курал колдонгон сот приставынын аракети мыйзамдуубу?

2). Облустун (Бишкек ш.) улук сот приставы эмне кылышы керек?

**4-тапшырма**

Соттук отурумдун аягында судья кеңешүү бөлмөсүнө чыгып баратканда, отурумдун катышуучуларынын бири тапанчасын сууруп алып, судьяны көздөй ок чыгарган, ошол учурда сот приставы  ок чыгарган адамга карата эскертүүсүз ок чыгарган, ал ошол жерде каза болгон.

Бул тууралуу областтын  (Бишкек ш.) улук сот приставына билдирилген.

Талкуу үчүн суроолор:

1). Сот приставынын кылган иши  мыйзамдуубу?

2).  Облустун (Бишкек ш.) улук сот приставы эмне кылышы керек?

**5-тапшырма**

Сот  приставы  кызматы бөлүмүнүн улук сот приставына, райондук соттун төрагасы тарабынан сот процессинин катышуучуларынын ар бирин жеке карап чыгуу жүргүзүү буйругу берилди.

Талкуу үчүн суроолор:

1. Жеке тинтүү жүргүзө турган сот  приставдарына  улук сот  приставы кандай көрсөтмөлөрдү бериши керек?

**6-тапшырма**

Сот процессинин катышуучуларын жеке тинтүү учурунда сот приставы катышуучулардын биринен баштыкка оролгон ак түстөгү (кокаинге окшош) өзгөчө жыты бар болжол менен 30-40 грамм өлчөмүндөгү затты тапкан.

Талкуу үчүн суроолор:

1. Сот приставы биринчи кезекте кандай чараларды көрүшү керек?

**КОНТРОЛДУК СУРООЛОР**

**ТИРКЕМЕЛЕР**